# Vorwort

Sehr geehrte Damen und Herren,

in der 30-jährigen Geschichte der Unabhängigkeit unserer Republik machten sich hunderte von jungen Menschen auf den Weg ins Ausland. Sie haben in verschiedenen Ländern der Welt, darunter auch in Deutschland, trotz vieler Schwierigkeiten Bildung erworben, Berufe erlernt und sich in die jeweiligen Gesellschaften erfolgreich integriert. Unter ihnen gibt es heutzutage viele namhafte Wissenschaftler und hervorragende Experten in verschiedenen Fachbereichen. Eine Gruppe von engagierten Vordenkern aus Bildung, Wissenschaft, Politik und sozialen Bewegungen haben in verschiedenen Bundesländern Kulturzentren und Vereine gegründet, um die Integration ihrer Landsleute in der Fremde zu fördern. Gleichzeitig leisten sie durch den Informationsaustausch und Bildungstransfer enorme Beiträge zur Erhaltung der kirgisischen Sprache und Kultur, zur Förderung nationaler Traditionen und Bräuche sowie zur sozio-ökonomischen Entwicklung ihres Heimatlandes.

Mahabat Sadyrbek gehört zu dieser Gruppe von engagierten Kirgisen, die die eigene Selbstverwirklichung mit Heimatliebe und unermüdlicher Wohltätigkeit erfolgreich verbinden können. Aufgewachsen in den Bergen von Kirgistan und getrieben von Wissensdurst gelang sie während ihres Universitätsstudiums mit einem DAAD-Stipendium nach Deutschland. Sie erlangte mehrere Abschlüsse in verschiedenen Universitäten Europas und promovierte schließlich in Rechtsanthropologie zu einem der relevanten Themen. Neben ihrer akademischen Karriere organisiert sie seit fünfzehn Jahren im Rahmen verschiedener Projekte finanzielle und materielle Hilfen für ihren Heimatort. Darüber hinaus hat sie sich in den letzten Jahren mit anderen Aktivisten weltweit vernetzt und setzt sich mit ihnen zusammen für die Umsetzung großer Mentoring-Programme und Bildungsprojekte in der Heimat ein. Frau Dr. Sadyrbek ist ein kreativer und willensstarker Mensch, der ständig auf der Suche nach neuen Herausforderungen ist und Möglichkeiten findet, anderen Hilfe zu leisten. Das vorliegende Buch von ihr ist ein Beweis dafür.

Es ist für mich eine große Ehre und Freude zugleich, das Vorwort für die „Kirgisische Grammatik“ von Frau Dr. Sadyrbek zu schreiben. Dieses umfangreiche Werk ist in der Zeit von 2011–2022 von der Autorin neben ihren beruflichen Tätigkeiten auf freiwilliger und unabhängiger Basis geschrieben worden, damit Kirgisisch als Fremdsprache im deutschsprachigen Raum gelernt und gelehrt wird. Der Inhalt des Buches besteht aus grammatischen Kategorien, Beschreibungen der phonetischen und lexikalischen Regeln, linguistischen Erklärungen und Beispielen aus dem Alltag. Darüber hinaus gibt es zahlreiche Kurzinformationen über die kirgisische Geschichte, Kultur, Literatur sowie die sozial-ökonomische und politische Lage im Lande. Die Autorin hat ihr Bestes gegeben, um dieses Buch detailliert und umfangreich zu verfassen. Dafür hat sie viel Material verwendet und Diskussionen über verschiedene grammatikalische Einzelheiten mit Philologen in Kirgistan geführt. Das Buch wurde auch von den

deutschsprachigen Wissenschaftlern, die Kirgisisch gelernt haben, gegengelesen und verbessert. Im Ergebnis hat Mahabat Sadyrbek eine Mischung aus normativer, wissenschaftlicher und vergleichender Grammatik erschaffen, die in dieser Form bisher nicht existierte. Ich bin sicher, dass dieses Buch allen Interessierten einen guten Überblick über die Turksprachen vermitteln wird und sie dazu befähigt, die kirgisische Sprache zu erlernen.

Für mich persönlich ist die Veröffentlichung dieses Werkes ein besonderes Geschenk zum 30. Jubiläum der Aufnahme von diplomatischen Beziehungen zwischen der Kirgisischen Republik und der Bundesrepublik Deutschland, denn Sprache ist ein wichtiges Instrument der Diplomatie, Völkerverständigung und Zusammenarbeit. Die Beziehungen zwischen den Ländern leben allerdings nicht nur durch offizielle Verträge und Abmachungen, sondern werden durch soziale Engagements wie von Dr. Sadyrbek gefördert und bekräftigt. Schließlich hängt die nachhaltige Veränderung und Entwicklung der kirgisischen Gesellschaft sehr von der Bildung und von der Schaffenskraft junger Menschen ab.

Ich bedanke mich bei Mahabat Sadyrbek für die ausgesprochen großartige Leistung und wünsche den Lesern des Buches viel Erfolg bei ihrer Reise in das kirgisische Universum!

Hochachtungsvoll,

**Otunbaewa Roza Isakowna**

*Ex-Präsidentin der Kirgisischen Republik und Gründerin der internationalen Stiftung „Roza Otunbaewa Initiative“*
*Bischkek, April 2022*

# Баш сөз

Урматтуу айымдар жана мырзалар,

биздин 30 жылдык эгемендүүлүк тарыхыбызда жүздөгөн жаштарыбыз ар кандай максаттар менен башка өлкөлөргө чыгып, ар кандай тоскоолдуктарга моюн бербестен алдыңкы билимге жана тажрыйбаларга ээ болушту. Алардын айрымдары бүгүнкү күндө билимдин алдыңкы сырларын өздөштүргөн жогорку даражадагы кесипкөй адамдар, таасирдүү илимпоздор жана ири компаниянын жетекчилери. Алардын арасында Германия сыяктуу өнүккөн өлкөлөрдүн жашоосуна ийгиликтүү интеграция болуп, бөлөк коомдо өз орундарын тапса дагы, жүрөктөрү «Мекен» деп согуп, өлкөбүздүн өнүгүшүнө жан үрөп салымын кошуп келе жаткан мекендештер бар. Алардын кээ бирлери алыс жердеги башка жердештерге барган жеринде ийгиликкке жеткен инсан болуусуна мыкты шарт түзүп берип келе жатышса, кээ бирлери кичи мекендин өнүгүүсүнө финансылык жардамдар менен бирге илимий жана маданий жаңылыктарды тартып келүүдө.

Дал ошондой Европаны багындырган элеттик мекендештерибиздин бири – Махабат Садырбек кызы. Ал алгач Бишкек Гуманитардык Университетин (БГУ) бүтүрүп, ДААД программасынын стипендиясы менен Европанын университеттеринде бир канча кесиптерге жана юридикалык антропология илиминде докторлук даражага ээ болгон. Махабат өзүнүн дүйнө таануу, билим алуу кыялын жана илимий карьерасын мекенге болгон сүйүүсү жана патриоттук сезими менен үлгүлүү түрдө айкалыштырып келет. Ал он беш жылдан ашуун убакыттан бери өзү туулуп өскөн жерине ар түрдүү финансылык жана материалдык жардамдарды уюштурган болсо, акыркы жылдары дүйнө жүзүндөгү өзүнө окшогон илимпоздор жана башка кесиптин ээлери менен бирге билимге умтулган жүздөгөн жана миңдеген жаштарга ментордук программалар жана санариптик билим берүү долбоорлору аркылуу колдоо көрсөтүүдө. Махабат өлкөбүздүн жана мекендештерибиздин өнүгүү кубатын жогорулатууга эбегейсиз салым кошкон жаратман жана изденүүчү. Сиздин колуңуздагы көлөмдүү «Кыргыз тилинин грамматикасы» буга бирден бир далил.

Махабат Садырбек кызынын бул аталган китебине алгачкы сөздөрдү жазуу – мен үчүн чоң кубаныч жана сыймык. Бул эмгек 2011–2022-жылдардын ичинде автор тарабынан ыктыярчылык негизде кыргыз тилин жандантуу жана анын чет тили катары башка өлкөлөрдө окулуп-таралышына салым кошуу максаты менен жаралган. Китептин мазмунун грамматикалык категориялар, фонетикалык жана лексикалык эрежелер, лингвистикалык деталдуу түшүндүрмөлөр жана күнүмдүк жашоо-турмушка байланыштуу мисалдар түзөт. Андан тышкары китепте Кыргызстандын тарыхынан, маданиятынан, адабиятынан жана саясий-экономикалык абалынан кабар бере турган кыскача маалыматтар камтылган. Бул китепти автор колунан келишинче толук жана маанилүү жазуу аракетинде көптөгөн материалдарды анализдеп чыгып, айрым грамматикалык эрежелерди Кыргызстандагы

филологдор менен талкуулап тактаган жана кыргызча үйрөнгөн чет элдик академиктердин текшерүүсүнөн өткөргөн.

Натыйжада Махабат Садырбек нормативдик, академиялык жана салыштырма грамматиканы жараткан. Мен бул окуу куралы кыргыз тилин үйрөнгүсү келген немис тилдүү студенттерге жана ыктыярчыларга түрк тилдеринин жалпы структурасы жана өзгөчөлүктөрү менен таанышууга, анын ичинен кыргыз тилин толугу менен өздөштүрүүгө чоң жардам боло алат деп ишенемин.

Алдыбыздагы окуу куралынын ушул жылда жарык көрүшүн мен кыргыз-немис дипломатиялык мамилелеринин 30 жылдык маарекесине карата маанилүү салым деп белгилеймин жана өзгөчө белек катары түшүнөмүн. Анткени тил дипломатиянын эң башкы куралы, ал кызматташтыкка жана достукка жол ачат. Ал эми эл аралык карым-катнаштар расмий гана иш-чаралар аркылуу эмес, Махабат Садырбектин эмгеги сыяктуу ыктыярчылык негиздеги зор аракеттер менен түптөлөт жана бекемделет. Ал эми билимдин жана илимдин доору болгон жыйырма биринчи кылымда кыргыз коому менен кыргыз жаштарынын кудурети билим аркылуу гана калыптанып, билим менен гана өнүгө алат.

Сөзүмдүн аягында мен Махабатка өлкөбүздүн өнүгүүсүнө, айрыкча кыргыз тилине салган зор эмгеги үчүн терең ыраазычылык билдирүү менен бул китептин келечектеги ээлерине ийгилик каалаймын жана кыргыз дүйнөсүнө кош келиңиздер деймин!

Баарыңыздарды терең урматтоо менен

**Отунбаева Роза Исаковна**

*Кыргыз Республикасынын экс-президенти жана «Роза Отунбаеванын демилгеси» эл аралык коомдук фондунун негиздөөчүсү*
*Бишкек, 2022-жылдын апрель айы*